**УДК 37.01**

**Дюшенова Майрамбу Саламатовна**
ОИӨК «Кыргызстан Эл аралык Университети»,

**Дюшенова Майрамбу Саламатовна**
УНПК "Международный университет Кыргызстана",

**Diushenova Mairam**
ERPC "International University of Kyrgyzstan",
mairamdiushenova@gmail.com

# САПАТТУУ БИЛИМ – УЧУРДУН ТАЛАБЫ

# КАЧЕСТВЕННОЕ ОБРАЗОВАНИЕ – ТРЕБОВАНИЕ ВРЕМЕНИ

# QUALITATIVE EDUCATION IS A TIME REQUIREMENT

***Аннотациясы:*** *Макала, Кыргыз мамлекетинин Билим берүү системасында, ЖОЖдордогу студенттерге билим берүүнүн сапаты төмөндөп баратканы боюнча маалымдайт.Автор мындай көрүнүштү учурдун актуалдуу маселеси катарында кесиптештерге талкууга сунуштайт. Билим сапатынын төмөндөп кетүүсүн айгинелеген фактыларды салыштыруулар аркылуу берет. Ошондой эле бул маселе үстүндө иш чаралар көрүлүп жаткан ЖОЖ жөнүндө баяндайт.*

***Негизги сөздөр:*** *учкул создор, сапат, талап, инсан,пайыз, ааламдаштыруу, заманбап, коммуникативдуу окутуу, интеллектуалдык марафон, мультимедиалык окутуу технологиясы, инновация ж.б.*

***Аннотация:*** *Статья оповещает о понижении качества образования в ВУЗах Кыргызстана в настоящее время. По мнению автора, это проблема становится самым актуальным и дискуссируемым и призывает всех преподавателей задуматься и найти пути решения. В качестве примера автор дает системы образования КР во времена Советского Союза, когда не было достаточного условия и методологии, и настоящее время, когда имеются интегрированные образовательные программы зарубежных стран вплоть до мультимедийной технологии.*

***Ключевые слова:*** *крылатые слова, качество, требование, личность, глобализация, современный, коммуникативное обучение, интеллектуальный марафон, мультимедийное образовательная технология, инновация и. т.*

***Abstract:*** *The article informs about the problematical issue concerning the quality of education in Higher Universities of Kyrgyzstan. The author stresses that quality of education is decreasing at present and considers it very actual, also discussible. As an example, the author compares the systems of education in KR during the time of the Soviet Union, when there weren't any possibilities and equipment in teaching and the present day when different types of modern methodology and equipment are possible.*

***Key words:*** *wise words, quality, requirement, personality, globalization, modern, communicative teaching, intellectual marathon, multimedia teaching technology, innovation.*

Ар бир кесип ардактуу жана берекелүү, түшүмдүү эгер ал толук жана жогорку сапат менен өздөштүрүлсө. Жогорку жана сапаттуу билимге ээ болгон инсандарыбыз гана бийик даражага, ийгиликке жетип өз ишмердүүлүгүн, кесипкөйлүгүн мекенибиздин ар тармактарында эмгектенүү менен жетип жаткандарын жетиштүү билебиз.

«Билим гана адамды эркин жана бийик кылат», -деген ойду өркүндөтүү менен учурдагы жогорку окуу жайларындагы билим сапатына болгон мамилелер жөнүндө өз ой-толгоомду сиздер менен бөлүшкүм келди. Ушундан улам мындай суроо-маселе, бир канча эмгек жылдарды жогорку окуу жайларда өткөрүп, ар кандай кырдаалдарда мамлекеттин келечегине салымын кошо ала турган жаштарды тарбиялоодо өз эмгегимди билимдин сапатына арнап жүргөн окутуучу катарында, дайыма мени түйшөлтөт. Урматтуу кесиптештер! биз билим тармагында эмгектенебиз, демек биздин чыгарган «продукция» же бүтүрүүчүбүз азыркы күндүн талабына жооп берип жатабы?, деген маселе. А балким сиздерде да бардыр ушундай ойлор. Келиңиздерчи, аз да болсо мындай ойлорго маани берип,сары эсеп салып көрөлү [**Ошибка! Источник ссылки не найден.**, с. 2].

Биздин ыйык мамлекетибиздин абдан олбурлуу, тарыхый, саясий, маданий жана экономикалык кырдаалдарга бай тарыхы бар жана болуп жатат. Ошол кырдаалдардын жолун издеп таап, мамлекеттин келечегине зор салымын кошкон, тарыхка өчпөс аттарын калтырган көп инсандарыбыз болуп өткөн. Ошол инсандарыбыздын акылман болуусуна, тарыхта калуусуна,өлкөгө салым кошуусуна, мамлекеттин ар кыл маселелерин чечүүсүнө эмне негиз болду?

Албетте, билим,сапаттуу билим! Дагы, жакынкы тарыхка кайрылып көрөлү. Биздин Кыргызстан, Советтер Союзунун курамында турганда, ар бир жаран билим алууга укуктуу жана милдеттүү эле. Ошол кездердеги билим тармагында иштеген кесиптештердин максаты, ой-сезими, талабы, ишкердиги,кесипкөйлүгү абдан жогору жана келечектүү эле. Билим алып жаткан жаштардын принциби: «Билим алуу – ийне менен кудук казгандай», сыяктуу кыргыздын учкул сөздөрүнө негизделген эле. Билим алууга жетиштүү шарттар жок болсо да, жогорку окуу жайларында билим алган жаштардын дээрлик 80 пайызы туура койгон максаттары, өз аракеттери, талыкпай изденүүсү, чыгармачылыгы менен сапаттуу билимге жетишкен. Жаштарга билим берүү менен ошол кесиптешторибиз, студенттерге билимдин кадыр – баркын сездирүү, терең билим көпөтөгөн ийгиликке жеткирээрин, түрдүү өнөрлөргө ээ болууга мүмкүн экендигин жеткиликтүү түшүндүрүү ар бир мугалимдин парзы эле [2, с. 29].

«Келечек жаштарга таандык!» деген ураан менен мекенибиздин керегине жарай алган ар кыл кесипти аркалаган татыктуу бүтүрүүчүлөр менен сыймыктанган учурлар эле, мунун себеби сапаттуу билим берилчү жана талап кылунчу.

Азыркы күндө ошол сапат, ошол талап кайда? Максат өзгөрдүбү? Менин оюмча максат өзгөргөн жок, бирок максатты ишке ашыруу жолдору өзгөрдү. Мамлекетибиз эгемендүүлүктү алгандан бери,билим берүү министрлиги, жаштарга билим берүүнүн түрдүү ыкмаларын киргизип, жаңыча көз караш менен, батыш өлкөлөрүнүн билим берүү ыкмаларын колдонууга жана окутуу технологияларын жаңыртууга көп аракеттерди жасады. Салттуу окутуу артка чегинди, тетирисинче чет өлкөлөрдөгү окутуу жана окуу ыкмаларын колдонуу, жайылтуу биринчи иретке коюлду.

Мугалимдердин ишин жеңилдетүү максатында техниканын кызматынын ролу жогорулады. Ар кандай чет өлкөлөрдөн интеграцияланган окуу программаларды негиздеген жаңы, көптөгөн жеке менчик билим берүү мекемелери, окуу жайлары ачылды. Кыскасы ааламдаштыруу процессине сүңгүп кирип кеттик. Бул жагдайга өкүнүч жок, бирок билимдин сапатын жогорулаттыкпы? Билим сапатына терс таасирин тийгизген жокпу? Биздин өсүп келе жаткан жаш муундарыбыз мындай чоң бурулушка даярдалды беле? Мына ушундай өкүнүчтүү суроолорду берүүгө мажбурлады. Мындай окутуунун шарттарына мурдатан бери калыптанып калган, чоң тажрыйбасы бар мамлекеттер менен жарышка чыгабыз деген аракеттер болду. Атаганат, озуп чыксак эмне, эң төмөн билим сапатынын көрсөткүчтөрүнө ээ болуп жатканыбыз кээ бир маалымат булактарынан берилип жатканына күбөбүз.

XXI кылым техниканын кылымы деп атадык. Кылымдын талабына жараша, көңүл жубатаарлык нерсе, жаштарыбыз техниканы жогорку деңгээлде тез өздөштүрө алышты. Бардык кыймыл-аракет, жашоо – шарт, ал түгүл билим алуу да техникага көз каранды болуп калды.

Техниканы билим берүүдө кошумча каражат катары колдонуу сунушу жокко чыгарылып, биринчи орунга өттү. Акыл эмгеги бааланбай баратканы талашсыз. Жаштарыбыз техниканын жардамы менен жеңил окуунун жолун тандап, мугалимдердин акыл эмгегине маани бербей калышты. Интернет булактарынын даяр маалыматтарын көчүрүп алуу менен оңой баа алуунун жолуна түшүштү.Акыл эмгегинин баалуулугун, жашырганда эмне, айрыкча жаш кесиптештерибиз билим алуучуларга түшүндүрүүдөн, тарбия иштерин кошо алып баруудан алыс. Мындай өзгөрүүнүн жыйынтыгы мугалимдердин кесипкөйлүгүн төмөндөтүп, жоопкерчилиги чектелип, тарбия иштеринен алыстап, аброюна шек келтирип жатканына көптөгөн мисалдар бар экенин жашыра албайбыз.

Мамлекеттин казынасынын жупуну абалына байланыштуу азыркы күндө окуу жайлардын материалдык-техникалык жагдайын тейлөө жана чыңдоо, окуу жайлардын жалпы иш жамаатын маяна менен камсыздоо жана башка ушул сыяктуу чыгымдар үчүн, билим берүү системасы акча төлөп окутуунун жолуна өтүштү. Мына ушундай шарттарды студенттерге туура түшүндүрүүнүн жолдору иштелип чыккан жок. Тескерисинче бааны сатып алуунун жолуна түшүүсүнө жол түздү. Мындай абалда билим сапатын кандай жол менен көтөрүш керек деген ой-толгоолор өзүнөн-өзү пайда болот.

Келечектүү мамлекет деген эмне? Келечектүү мамлекетти кантип таанып билүүгө болот? деген суроолорго биздин кырдаалда жооп бериш кыйындыкка турат. Себеби мамлекеттин келечегин жаштарыбыздын сапаттуу билими гана түзөт. Сапаттуу билим менен камсыз кыла алган гана мамлекетти, келечектүү мамлекет деп таанып билет.

Урматтуу кесиптештер, биз окутуп, тарбиялап жаткан жаштар бүгүнкү заман талабына шайкеш, көп кырдуу келечек ээлери болуп чыгышы керек. Ушул талапка ылайык окутуп-тарбиялоо үчүн бизде бардык толук шарттар бар. Мугалимдерибиз мультимедия окутуу технологиясы, оюн технологиясы, долбоордук окутуу технологиясы, ден соолукту сактоо технологиясы, борборлоштурулган окутуу технологиясы, кызматташып окутуу жана баалоо технологиясы, коммуникативдик окутуу технологиясы, Блумдун таксономиясы, эвристикалык метод, ж.б. ыкмалар боюнча иш жүргүзүүнү жеке ишмердүүлүккө айландырып алышыбыз жакшы жетишкендик, иштиктүү көрүнүш [1, с. 134]. Методикалык темаларга жараша мугалимдердин чыгармачылык менен изденүүлөрүнө көмөк көрсөтүү максатында ар бир окуу жайда илимий-методикалык кеңешме түзүлгөн. Ал башкаруучулук жана илимий методикалык иштерге багытталган иш кагаздарын, нормативдик-укуктук базасын түзүү, адаптацияланган, модификацияланган, эксперименталдык, автордук программаларын иштеп чыгуу, педагогикалык жамааттын кесиптик квалификациясын жогорулатуу, өздүк өнүгүүсүнүн үстүндө иштөө, диагностикалык жана аттестациялык процедураларды өткөрүү, чыгармачыл мугалимдердин иш тажрыйбаларын жайылтуу, окутуунун технологияларын, инновациялык методдорду колдонуу, интеллектуалдык марафондорду өткөрүү, жыйынтыгын анализдөө, мониторинг ж.б. иштерди жүргүзүүнү камсыз кылганы да мактоого татырлык иш. Мындай аракеттерден жогорку окуу жайларын бүтүргөн студенттердин, жогоруда баяндап кеткендей техниканын жардамы менен алган билимдин жыйынтыгынын жогорку пайызын гана көрсөтүп жатабыз. Албетте, ошол көрсөткүчтөрдүн жүз пайызы дегенден алысмын. Бирок ошол көрсөткүчтөрдүн канча пайызы чыныгы сапатты көрсөтүп, мамлекетибизге салым кошо алаарына мониторинг жүргүзүлбөй жатканы өкүнүчтүү. Тек гана саны бар сапаты жок «продукция» берип жаткандай көрүнүш. Ушундай терс көрүнүштөрдөн чыгып кетуунун айла-амалын таап, жолун издеп чыйыр салган окуу жайларыбыз да жок эмес. ЖОЖдордун арасынан бүгүнкү күндө, биз эмгектенип жаткан Кырыгзстан Эл Аралык Университетин белгилеп кетким келет. Жакынкы арада окуу жайда жаштарды сапаттуу билим менен камсыз кылуу максаты алдыга чыгып көп өзгөрүүлөр күтүлүүдө. Сапат үчүн күрөшүүнүн жаңы жолдору, ыкмалары иштелип чыгып, ишке ашыруунун жолуна кадам ташталаары маалыматтандырылды. Мындай кадамдар Билим берүүнүн эл аралык аренасында ишеничтүү жетишкендиктерге алып бараарына күмөн жок.

«Билимди сатып албайт, аны казып алат», деген учкул сөздүн азыркы күндө мамлекетибиздин билим берүү системасында өтө актуалдуу жана орчундуу орунда турушун

кош колдоп колдоого ар бир кесиптешти учурдан пайдаланып чакырып кетээр элем. Билим санынын пайызына эмес сапатынын пайызына жалпы күрөшөлү! Ошондо гана, биз аркалап жүргөн кесиптердин ардагына, аброюна, жемишине, берекесине жетебиз, урматтуу кесиптештер.

**Колдонулган адабияттын тизмеси:**


1. Абакирова Г. Б. Интеграционные процессы в вузах Кыргызстана // Евразийскаяинтеграция: экономика, право, политика. — 2012. — № 12. — стр. 132—137
2. Киргизская Советская Социалистическая Республика / Б. О. Орузбаева. — Фрунзе:Гл. ред. Киргизской Советской Энциклопедии, 1982. — стр. 29-30.
3. Касымова А.С. / Проблемы высшего образования в Кыргызской Республике.Вестник МУК. №1(42) 2021.с.72-77.